**География сабагында окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо белги (баа) төмөндөгү критерийлердин негизинде коюлат:**

**«5» белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу программасынын материалынын маңызын, окулуп жаткан түшүнүктөрдү, кубулуштарды, теорияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, өз ара байланыштарды өз алдынча ачып көрсөтө алат;
2. Негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алат жана аларды өз алдынча конкреттүү мисалдар жана фактылар менен тастыкай алат;
3. Өз алдынча жана аргументтүү талдоо, жалпылоо жана жыйынтыктоо чыгара алат;
4. Алган билимдерди тааныш эмес кырдаалда колдоно алат;
5. Окуу материалын так, байланыштуу, негиздүү, логикалык ырааттулукта жана катасыз айтып бере алат;
6. Негизги түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теорияларды так баяндап берет жана жеке өзүнүн бутумун чыгарат;
7. Тажрыйбалардын жана байкоолордун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн өз алдынча билим булактарын, көрсөтмө куралдарды, маалымдоо маалыматтарын, окуу китебин жана башка кошумча адабияттарды өз алдынча колдоно алат;
8. Чиймелер, сүрөттөр, приборлор менен өз алдынча иштей алат;
9. Географиялык картадан географиялык номенклатураны таба алат.

**"4" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалы тууралуу айтып берип жатканда кээ бир каталарды кетирет;
2. Түшүнүктөрдүн жана аныктамалдардын мазмунун ачып көрсөтүүдө толук эмес жооп айтат жана илимий терминдерди, жыйынтыктарды, бүтүмдөрдү чыгарууда кээ бир каталарды кетирет;
3. Окуу материалын логикалык ырааттуулукта айтып берет, бирок өз алдынча оңдой ала турган анча орой эмес бир ката кетирет.
4. Жообун конкреттүү мисалдар менен толуктайт.
5. Окуп жаткан окуу материалындагы негизги жоболорду өз алдынча бөлүп алат жана фактылардын, мисалдардын негизинде жалпылайт, бүтүм чыгарат;
6. Негизги географиялык өз ара байланыштардын манызын ачып көрсөтөт;
7. Географиялык номенклатураны билет жана географиялык карта менен иштөөдө анча орой эмес каталарды кетирет.

**"3" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалынын мазмунун ачып көрсөтөт, окуу программасын андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болбогон кээ бир каталарды кетирет;
2. Окуу материалын баш аламан, фрагмент менен жана кээ бир учурларда ырааттуулугу бузулуу менен берилет;
3. Жыйынтыктоодо, бүтүм чыгарууда аргументтүү жооп бере албайт жана кээ бир каталарды кетирет.
4. Илимий терминдерди, түшүнүктөрдү пайдаланууда каталарды жана так эмес маалыматтарды берет;

5. Жалпылоолордо жана жыйынтыктоодо байкоолордун же тажрыйбалардын натыйжаларын колдоно албайт, каталарды кетирет;
6. Теориялардын жана мыйзамдардын негизинде кубулуштарды түшүндүрүүдө кыйналат;
7. Окуу китебинин текстин айтып бере алат, бирок текстин мазмунун толугу менен түшүнбөйт одоно бир-эки ката кетирет.
8. Географиялык карта менен иштөө көндүмү жок жана географиялык номенклатураны начар билет.

## "2" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:

1. Окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албайт
2. Жалпылап, бүтүм чыгара албайт.
3. Окуу материалынын көпчүлүк бөлүгүн билбейт жана түшүнбөйт;
4. Белгилүү үлгүнүн негизинде суроолорду жана тапшырмаларды аткара албайт;
5. Бир суроого жооп берип жатканда мугалимдин жардамы менен оңдоого мүмкүн болбогон одоно каталарды кетирет.
6. Географиялык карталарды пайдаланууда одоно каталарды кетирет.
7. Географиялык номенклатураны билбейт.

## Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоо

### «5» белгиси (баа)

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган (зарыл болгон адабияттарды иргеп алуу, ишти аткаруунун кадамдары ж.б.).
2. Иш таза аткарылган (презентабелдүү).

### «4» белгиси (баа)

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган .
2. Ишти аткаруунун сунушталган кадамдарында жана ишти жасалгоолодо алынуучу натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген одоно эмес каталар кетет.

### «3» белгиси (баа)

1. Практикалык иш жана аны жасалгалоо мугалимдин жардамы менен аткарылган.
2. Иш толугу менен аткарылбагандыктан кошумча окуу убактысын талап кылат же аны аткаруу үчүн үйдөн аткарып келүүгө тапшырма берилет.
3. Географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен иштегнде кыйналат.

### «2» белгиси (баа)

1. Практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес.
2. Аткарылган иштин жыйынтыктарынын негизинде туура бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүндүк бербейт жана алдыга коюлган окуу максаттары менен дал келбейт.

## Контур картаны баалоо. «5» белгиси (баа)

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.
2. Географиялык объектилердин жайгашкан орду туура көрсөтүлгөн.

3. Контур карта текшерүүгө өз убагында берилген.

**«4» белгиси (баа)**

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.
2. Географиялык объектилердин жайгашкан ордун көрсөтүүдө 2-3 одоно эмес ката көрсөтүлгөн.

**«3» белгиси (баа)**

1. Контур картада кээ бир одоно каталар бар, бирок географиялык объектилердин алган орду туура берилген.

**«2» белгиси (баа)**

1. Контур карта туура эмес толтурулган
2. Аткарылган эмес.